https://edu-nlsit.jet.kg/ билим берүү порталын колдонуунун

# ИНСТУКЦИЯСЫ.

1. Интернет браузерин ачабыз да адрес сапчасына edu-nlsit.jet.kg адресин теребиз. Эскертүү: Сиздин компьютерде, мобильдик телефонуңузда же кайсы гана болбосун колдонуп жаткан түзүлүшүңүздө орнотулган браузерди колдонуп ачсаңыз болот. Төмөндө Google Ghrome менен көрсөтүлүп берилет. Адрести тергенде сайттын төмөндөгүдөй башкы терезеси ачылат.




2. 

кнопкасын басып, Логин: **user** жана Пароль: **user** деп төмөндө көрсөтүлгөндөй терип киресиз.




3. Порталда жайгаштырылган китептерди ачуу үчүн ачылган баракчанын үстүндөгү менюдан **Книги** деген баскычты басып, **просмотр книг** деген команданы тандайсыз



4. Ачылган баракчадан **Курсту** ачсаңыз 5тен 11ге чейинки класстардын тизмеги чыгат. Ал жерден Сизге керектүү классты тандайсыз да кийинки **Китепти** ачсаңыз тандалган класстын жүктөлгөн китептеринин тизмеси чыгат. Окуй турган китепти тандаган соң **Просмотр** кнопкасын бассаңыз китеп ачылат. Мисалга 5-класстын Информатика китебин карап көрөлү:




5. Сүрөттө көрсөтүлүп тургандай структура менен түзүлгөн китеп ачылат: календардык пландын негизинде өтүлө турган материалдын **мазмуну**, ошол мазмунга даярдалган **презентация**, **аудио-видео сабак, суроолор** жана **тапшырмалар** жана **компьютердик тестирлөө**. Теманын мазмуну менен таанышуу үчүн, же презентациясын ачуу үчүн, же видео сабагын көрүү үчүн, же компьютердик тесттен өтүү үчүн анын үстүнө басуу жетиштүү. Бардык китептерде 4-чейректин материалы гана камтылган.



6. Компьютердик тесттен өтүү үчүн **Тест** деген шилтемени басканда оң тарапка кошумча **тестирование** деген бөлүм ачылат. Анда **Разделден** тийиштүү классты тандайсыз да **Тесттин** ичинен Сиз өтүүнү каалаган тестти тандайсыз. Ар бир предмет үчүн чейректик тесттер да түзүлгөн.




7. Тест ачылганда суроолорго жооп берип жүрүп отурасыз, тесттин бардык суроолоруна жооп берип бүткөндөн кийин жыйынтыгы сыгат: жалпы канча суроо, туура жооптору канчоо, пайыздык көрсөткүчү.

8. Эгерде кандайдыр бир себептер менен тесттин суроолоруна толук жооп берип бүтө электе башка шилтемелерди басып, башка материалдар менен таанышууну улантып кетип, кийинчерээк тест тапшыруу үчүн тест деген шилтемени бассаңыз кайрадан мунунку аягына чыкпаган тестке кайтып келип каласыз. Ошону менен ал тестти улантып аягына чыгарууга шарт түзүлөт.




9. Эгерде ачылып турган тестти аягына чыкпастан туруп, башка тестти ачканды кааласаңыз: **Тесты** баскычын басып, **Незавершенные тесты** командасын тандасаңыз Сиз өтүп жаткан тесттин аталышы чыгат,

аны тандап **Закончить** кнопкасын басасыз да жаңы тестти ачууну баштайсыз. Аны тандоону ушул Инструкциянын 6-пунктунан баштап кайра окуп чыксаңыз болот.

10. Бул акыркы этап окуучулар компьютердик тестирлөөдөн өтөндөн кийин статистиканы телефондун фотоаппаратына тартып алат дагы алынган жыйынтыкты предмет боюнча мугалимдин ватсабына жөнөтөт. Мугалим окуучулар берген жыйынтыкты журналга түшүрүшөт. Ошентип мугалим андан ары окуучулардын жыйынтык бааларын чогултуп алып журналга бааларын толтуруу жумушун аткарат.